**Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин “Табигый жана так илимдер”усулдук бирикмесинин 2019-2020-окуу жылында өткөрүлгөн декадасынын аткарылышы.**

“Табигый жана так илимдер” усулдук бирикмесинин курамында жалпысынан 7 мугалим бар.Жумалыкты өткөрүү ар бир мугалимге милдеттендирилет.

**Жумалыктын негизги максаты:** Улуу мугалимдерден жаш мугалимдерге усулдук жардам, жакшы сабак өткөн мугалимдердин иш тажрыйбаларын мектеп ичинде жайылтуу.Сабак өтүлүшүн өнүктүрүү, жаңы ыкмаларды жайылтуу.Мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу. Окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттыруу. Балдардын таанып билүү активдүүлүгүн жогорулатуу, чыгармачылыгын өстүрүү

2019-2020-окуу жылынын февраль айында биология, химия, география предметинен “Жаратылыш жан дүйнөм”темасында жумалык болуп өттү.

**Жумалыктын негизги максаты**: Окуучуларды предметке кызыктыруу, өз алдынча чыгармачылык ишке чакыруу. Жөндөмдүү окуучуладын өнүгүүсүнө шарт түзүү Жаратылыш байлыктарын сүйүүгө,коргоого тарбиялоо.

Жумалык төмөнкүдөй планда өткөрүлдү

| № | Иш мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Жумалыктын ачылышы | 03.02 2020-ж | Предметтик мугалимдер |
| 2 | “Ким табаган”кроссворд толтуруу | 04.02.2020-ж | Бакулова З |
| 3 | Ачык сабактар | 05.02.2020-ж | Предметтик мугалидер |
| 4 | “Кооз жаратылыш”сүрөт сынагы | 06.02.2020-ж | Токурова Н |
| 5 | “Жаратылыш жан дүйнөм”кече | 06.02.2020-ж | Туманов К |
| 6 | Жыйынтыктоо | 07.02.2020-ж | Предметтик мугалимдер |

Жумалыкка 5-9 класс окуучулары активдүү катышышты.Окуучулардын арасында жаратылышты ыйык сактоого балдарга багыт берген сахналаштырылган сабактар уюштурулду.Жалпы декаданын жыйынтыгы боюнча активдүү катышкан окуучулар өзгөчө бааланды.Жогорку класстын окуучулары өздөрү изденүү менен слайддарды жасап, чыгармачылыктарды салыштыруу менен талаш тартыштарды жаратып кызыктуу жумалык өткөрүлдү. Эн мыкты өтүлгөн сабактар, жакшы иштелмелер белгиленип кетилди. Активдүү катышкан окуучулар , чыгармачылык менен сабак өткөн мугалимдер мектеп администрациясы тарабынан грамоталар менен сыйланышты.

Жумалыкта тажрыйба алмаштыруу максатында ,чыгармачылык өтүлгөн ачык сабактарга сунуш,кеңештер айтылып кызуу талкууланып,мугалимдердин иштерине ийгиликтер айтылды.

"Табигый жана так илимдер " усулдук бирикмесинин математика предметинен 2019-2020-окуу жылынын апрель айында төмөнкүдөй планда жумалык өткөрүлдү.

Жумалыктын максаты: Окуучулар математиканын тарыхы боюнча математика башка илимдердей эле адамдын турмуштук керектөөсүнөн келип чыккандыгын, геометриянын элементтери алгачкы адегенде Вавилондо жана Египетте жердин ченөөнүн негизинде пайда болгонун, андан кийин математика биздин заманга чейин 6-7-кылымда шаардык курулуштардын негизинде өнүгө баштаганын билүү керек.

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Класстар | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жумалыктын ачылышы | 6-апрель | 7-8-9-класстар | Боркобаева Г. Орозбек кызы Нурилла |
| 2 | Математиканын тарыхы | 8-апрель | 5-6-7-8-9-класстар | Боркобаева Г, Орозбек кызы Нурилла |
| 3 | Матеамтикалык суроо-жооп | 9-апрель | 5-6-7-8-9-класстар | Боркобаева Г |
| 4 | Жыйынтыктоо | 10-апрель | 5-6-7-8-9-класстар | Боркобаева Гулхан |

Окуутуу онлайн болгондугуна байланыштуу, математика жумалыгы да онлайн түрдө өттү. Жумалыка окуучулар өтө активдуу катышышты жана төмөнкудөй жыйынтыккы ээ болушту.

Жумалыктын ачылышында математикалык кызыктуу логикалык мисалдар берилип,анда 5-класстын окуучусу Сабыров Актан жана Уланов Нуридин эң жакшы катышкандыгы үчүн белектер берилди.

Математиканын тарыхын чагылдырган эн мыкты видеоролик жасагандыгы үчүн, 9-класстын окуучусу Каримова Мадина грамота менен сыйланды.

Математикалык логикалык суроолорго туура, так жооп бергендиги үчүн 6-класстын окуучулары:Кадырова Патма,Кадырова Зуура,Тилебалдиева Салиха кызыктыруучу белектер менен сыйланды.